| | | | |
|---|---|---|---|
| Тарбия иштеринин анализи | Иштин багыттары: | Адеп-ахлактык тарбия; жарандык тарбия; мекенчилдикке тарбиялоо; жаратылышты сүйүүгө тарбиялоо; кеп маданияттуулукка тарбиялоо; эстетикалык тарбиялоо; эмгекке тарбиялоо; тарбиялоо процессинде педагогдун ролу; баланы, өспүрүмдү, кыз баланы, жаш адамды, жаштарды тарбиялоодо үй-бүлөнүн ролу болду. | |
| | Тобокел тобу: | Жашы жете элек өспүрүмдөр (ИДН) каттоосунда | жок |
| | | Мектептин каттоосунда | |
| | Ийримдер: ___ (окуучулар) | спорттук | «Волейбол» Кармышев Дж. Дж. (16 окуучу)<br>«Баскетбол» Адамалиев Н.А. (18 окуучу)<br>«Футбол» Абдраев У. (16 окуучу) |
| | | көркөм | «Юные таланты» Бакуева А.Ж. (15 окуучу)<br>«Вокал» Николенко Т.Я. (10 окуучу)<br>«Умелые ручки» Тентешова А.А. (12 окуучу) |
| | | Предметтик | «Учимся английскому языку» Ястребова О.М.-12ок<br>«Любители химии» Воробьева Г.В. (16 ок.)<br>«Юный историк» Тыныстанова С.А. (15 ок.)<br>«Скорочтение» Кенешбеков У.У. (14 ок.)<br>«Учимся кыргызскому языку» Шаилдабекова Г.Т. (12 окуучу) |
| | Мектептик иш-чаралар | Жарандык-патриоттук тарбия - Кылмыштуулуктун алдын алуу кеңеши жандандырылды. Темир жол ишкерлери, жол коопсуздугун көзөмөлдөө кызматкерлери, өрт өчүрүү кызматынан, аймактык тескөөчү инспектору жана суучулдар кызматкерлери келип окуучуларга түшүндүрүү иштерин жүргүзүп турушту.<br>- ИДН менен тынымсыз жогулушуулар болуп турду<br>- Мектеп окуучуларынын арасында зордук-зомбулукту болтурбоо,кылмыштуулуктун алдын алуу максатында профилактикалык иштер жүрдү:<br>27.09.18.- Укук бузуунун алдын алуу боюнча класстык саат<br>17.10.18-«Нормы поведения в школе» кл. саат<br>25.10.18- « Мы в ответе за свои поступки» класстык саат<br>Ноябрь айында мектептин көйгөйлүү маселеси болуп турган Рэкет, Жаңжалдашуу, башталгыч класстарда өздүк гигиена боюнча төмөнкү класс жетекчилер ачык сабактарды өтүштү:<br>Шейшеналиева К.Н. 6-а кл. 16.11<br>Ибраимова Т. 7-а кл. 17.11<br>Кыдыкова А.К. 5-а кл. 19.11<br>Аманжолова И.К. 10-а кл. 19.11<br>Касымова М.А. 6-б кл. 20.11<br>Мырзабекова Д.А. 1-а кл. 20.11<br>Акматова Б.К. 8-а кл. 21.11<br>Лобаева З.Э. 1-б.кл. 21.11<br>Абайханова Л.А. 1-в кл. 22.11<br>Мурзабаева Ж.М. 1-г кл. 23.11<br>Заболотько И.В. 7-б кл. 23.11 | |

| | | |
|---|---|---|
| | | Орозбаева Ж.К. 9-а кл. 23.11<br>Кириленко Л.В. 1-д кл. 26.11<br>Касымова М.А. 5-б кл. 26.11<br>Буйляшева А.С. 10-б кл. 26.11<br>Воробьева Г.В. 6-в кл. 27.11<br>Кудайназарова А.У. 2-а кл. 27.11<br>Аманова А.А. 2-б кл. 28.11<br>Байрамукова П.А. 8-б кл. 28.11<br>Лобаева З.Э. 2-в кл. 29.11<br>Тентешова А.А. 9-б кл. 30.11<br>Толобаева Н.М. 7-в кл. 30.11<br>1.09.18- 1-сабак: 1-4-класстарда «Менин кичи Мекеним», 5-8-класстарда ”Биз тоо арасында жана өрөөндүү тоолордо жашайбыз. Биздин ата-журтубуз – Ала-Тоо…”<br>9-11-класстарда ”Мекенимдин тагдыры” темасында тарбиялык сабактар өтүлдү.<br>Эл аралык толеранттуулук күнүнө карата төмөнкүдөй иш чаралар өткөрүлдү:<br>14.11.18- «Толерантность – путь к миру» кл. саат (1-11-кл.)<br>21.11.18 - «Права и обязанности ребенка» класстык саат (1-11-кл.)<br>16.11.18 - Конкурс агитплакатов « Нет расизму, фашизму и экстремизму! Мы - за дружбу и мир!” Кл. рук-ли ШП, (Бакуева А.5-11)<br>28.11.18.- «Чем больше хороших увлечений, тем меньше проблем с законом » класстык саат<br>06.02.19.- “Адам сатуу- 21- кылымдын кулчулугу” темасында класстык сааттар өткөрүлдү.<br>10-11-класстарынын окуучуларынын ортосунда “Кыргызстандын жаштары адам сатууга каршы” деген аталышта конкурс болуп, акыркы мезгилдерде чет жакка чыгып жаткан кыргыз атуулдары кабылган ар кандай окуяларды чагылдырышып, сценкаларды жана кыска метраждуу тасмаларын көрсөтүшүп, активдүү катышышты. Окуучулардын аткарган иштери бааланып, байгелер менен сыйланышты.<br>1.02- 10-02.19-ж. Орус тили жана кыргыз тили мугалимдеринин жетекчилиги астында Совет аскерлеринин Афганистандан чыгарылгандыгынын 29 жылдыгына карата сочинение жана рефераттар жазылды.<br>• 1.02-10.02.19-ж. 1-класстан 11-класска чейин Афган темасында сүрөттөр тартылып, илинди.<br>• 15-февралда мектепте Буйляшева А.С. жетекчилиги менен 10-б классынын окуучулары тарабынан монтаж даярдалып, линейка өткөрүлдү. Линейкада окуучуларга Афганистандагы согуштун келип чыгуу себептери, Кыргызстандан канча аскер барган, канчасы кайтпай калган жана башка ушул сыяктуу маалыматтар видео аркылуу көрсөтмөлүү берилди.<br>15.02.19 - 15-февралда Люксембург айылында жайгашкан Афган согушунан кайтпай калган жоокерлерге арналган эстеликтин жанында митинг өткөрүлүп, мектептин жогорку классынын окуучулары катышышты.<br>14-февралда Совет аскерлеринин Афганистандан чыгарылгандыгынын 29 жылдыгына карата 1-11-класска чейин «Афганистан… Сен дайым эсибиздесиң» деген темада класстык |

| | | |
|---|---|---|
| | | сааттар өткөрүлдү.<br>08.02.19.- “Аскер ыры” аталышында кароо сынак төмөнкү темаларда өттү:<br>а) номинация «Песни военных лет»<br>б) номинация «Патриотические песни»<br>в) конкурс чтецов<br>г) сценка про героев ВОВ.<br>23-февраль- Мекенди коргоочулардын күнүнө карата көптөгөн иш чаралар өткөрүлдү.<br>20.02.19-ж. “Биз- келечектеги коргоочуларбыз” темасында бардык класстарда класстык сааттар өткөрүлдү.<br>13-17.02.19-ж. «Мекеним үчүн бек турамын!» деген ураан менен дубал гезиттер сынагы өткөрүлдү.<br>28.02.19-ж. “Өспүрүм жана терс чөйрө” аталышында класстык сааттар өткөрүлдү.<br>11-15.02.19-ж. – Тамекинин зыяндуулугу туурасында 8-11-классынын кыздары арасында кыздар кеңеши өткөрүлдү.<br>Кыргыздардын улуттук баш кийими бул - Ак калпак. Кыргыз калпагы - жашоо-тиричиликке ыңгайлуу, жайы күндөн сактаса, кышкысын суукта коргогон ыйык баш кийим. Ал эми, 2011-жылдын 5-мартынан тарта Кыргызстан боюнча Ак калпак күнү белгиленип келет. Дал ушул ак калпак күнүнө карата мектепте «Асмандан жарык корсон жылдыз деп бил, ак калпак кийгендерди кыргыз деп бил» деген ураандын астында акция өткөрүлдү. Бул күнү окуучулардын бардыгы калпак кийип келишти.<br>5.03.19- Бул күнү биринчи “Улут жүзү - Ак калпак” деген аталышта линейка өткөрүлдү. Жооптуу 8-а класс, класс жет-си Акматова Б.К.<br>2-сабак менен 3-сабактын ортосундагы тыныгууда калпак кийген окуучу балдар алдын ала даярдалган флешмоб бийин бийлешип, кыргыздын ак калпагын даңазалашты. Бул күнү ар бир класста биринчи сабак ак калпак тууралуу кыскача маалымат жана ал тууралуу ырлар айтуу менен башталды.<br>Мектептин окуучулары Кант шаарында жүрүшкө катышып, өздөрү даярдаган флешмобун элдерге тартуулашты.<br>Мектепте “Улут жүзү - Ак калпак” деген аталышта бурч уюштурулду.<br>05.03.19-ж.- “5-март – Ак калпак күнү” аталышында 1-11-кл. класстык саат өткөрүлдү.<br>1.04-9.04.19. Я.Я.Ваккер атындагы орто мектебинде “7-апрель шейиттерине таазим этебиз” деген аталышта сүрөт көргөзмөсү уюштурулду. Сүрөттөрдөн окуучулар революциянын жүрүшүн, шейит кеткен баатырлардын снайперлердин огунан кантип курман болуп жаткандыгын көрүштү. Көргөзмөгө китепканачы Султанова К.А. жооптуу болуп, көргөзмө окуучулардын жан дүйнөсүнө таасир калтырды.<br>5-апрель күнү “7-апрель, 2010-жыл...” деген темада линейка өтүү менен башталды. Линейканы 9-а классынын окуучулары 7-апрелге арналып жазылган ыр саптарын окуу менен ачышты. Мектептин директору<br>К-М. Ш.Осмоновго сөз берилип, революциянын чыгуу себептерине кыскача токтолуп, окуучуларды патриоттуулукка чакырып өттү. 7-апрелде курман болгондорду эскерүү |

| | | |
|---|---|---|
| | | минутасы жарыяланып, линейка жыйынтыкталды.<br>05.04.19. - Ар бир класста класстык сааттар өткөрүлдү. Класстык сааттарда класс жетекчилер окуучуларга Апрель революциясынын чыгуу себептерин, курман болгондор тууралуу, убактылуу өкмөт тууралуу ж.б. кеңири чагылдырып, маалымат берилди.<br>31-5.04.19. -«Эч ким эч качан унутулбайт» деген темада жогорку класстын окуучулары дилбаян жазышты.<br>03.05.19 -"Мен кыргыз атуулумун"<br>"Кыргыз Республикасынын Конституциясы-негизги мыйзам" дебат сабактары<br>3-7.05.19 - 9-май -Улуу Жеништин урматына башталгыч класстарда "Ар дайым күнүм болсун" ураанынын астында сүрөт көргөзмөсү өткөрүлдү.<br>3-7.05- 5-11-класстар ортосунда "Биз тынчтыкты каалайбыз" аталышында плакаттар конкурсу өткөрүлдү. Жыйынтыгы чыгарылып женуучу класстар линейкада грамоталар менен сыйланды.<br>08.05.19- Улуу Жеништин урматына "Эч ким, эч качан унутулбайт" деген аталышта линейка өткөрүлдү. Линейкада согуштун башталышы, жүрүшү ж.б. тууралуу айтылды. Жениш күнүнө карата өткөрүлгөн конкурстардын жыйынтыгы айтылып, жеңүүчүлөр сыйланды.<br>8.05.19- "Бул жеңиш күн" аталышында класстык сааттар бардык класстарда өткөрүлдү.<br>8.05.18- Мектеп окуучулары жана мугалимдер жамааты менен мектеп короосунда «Өлбөс полк» аталышында жөө жүрүш жасалды. "Тимур командасы" ардагерлерге жардам көрсөтүп турушту.<br><br>Спорттук-ден соолукту чыңдоо тарбиясы ЖСМ<br>"1-декабрь Бүткүл дүйнөлүк ЖИКС менен күрөшүү күнүнө карата " көптөгөн иштер жүргүзүлдү.<br>01-09.12.18-ж. -"ЖИКС – 21-кылымдын чумасы!" темасында дубал гезиттердин сынагы өткөрүлдү. Жыйынтыгы чыгарылып, жеңүүчүлөр сыйланды.<br>26.11.18-ж. -"Биз ЖИКС ке каршыбыз!" темасында линейка өткөрүлдү.<br>9- классынын окуучулары ЖИКС тууралуу сүрөттөр менен көргөзмөлүү, жеткиликтүү кылып, айтып беришти. Жооптуу Заболотько И.В. 9-в классы менен.<br>06.12.18-ж.- «Бардыгы өзүңдүн колуңда» (ЖИКС чындыгы)темасында 1-11-класстарында класстык сааттар өтүлдү.<br>Айлык ичинде «Биз жашоонун сергек мүнөзүн тандайбыз» деген чакырыктын астында 9-10- класстар арасында баскетбол жана волейбол боюнча таймаштар өткөрүлдү.<br>"3-декабрь Бүткүл дүйнөлүк мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын күнүнө карата " бир топ иштер жүргүзүлдү.<br>01.12.18-ж. -"Камкордук жана боорукердик» темасында дил баяндардын сынагы өткөрүлдү. Жыйынтыгы чыгарылып, женүүчүлөр сыйланды.<br>1.12.18-ж. -"Дүйнө кандай сулуу!" темасында сүрөт көргөзмөсү өткөрүлдү. |

| | | |
|---|---|---|
| | | Ай ичинде Тимурчулар кыймылы жандандырылып, жардамга муктаж жарандарга жардам көрсөтүлдү.<br>Айлык ичинде мектептин окуучулары тарабынан чогултулган кийимдер, оюнчуктар, окуу куралдары муктаж болгон үй-бүлөлөргө берилди.<br>Айлык ичинде «Биз жашоонун сергек мүнөзүн тандайбыз» деген чакырыктын астында 9-10-класстар арасында баскетбол жана волейбол боюнча таймаштар өткөрүлдү.<br>19.02.19. - Эркек балдар арасында дене тарбия мугалимдердин жетекчилиги астында "Кана эмесе, балдар" аталышында 1-4-класстар арасында мелдеш болуп, жеңүүчүлөр аныкталды.<br>20.02.19. - Эркек балдар арасында дене тарбия мугалимдердин жетекчилиги астында "Кана эмесе, балдар" аталышында 5-6-класстар арасында мелдеш болуп, жеңүүчүлөр аныкталды.<br>21.02.19. - Эркек балдар арасында дене тарбия мугалимдердин жетекчилиги астында "Кана эмесе, балдар" аталышында 7-8-класстар арасында мелдеш болуп, жеңүүчүлөр аныкталды.<br>22.02.19. - Эркек балдар арасында дене тарбия мугалимдердин жетекчилиги астында "Кана эмесе, балдар" аталышында 9-11-класстар арасында мелдеш болуп, жеңүүчүлөр аныкталды. |
| | | Адеп-ахлактык жана эстетикалык тарбия 12-22.09.18 -Улуттук баалуулуктарга ээ болгон эгемен мамлекетибиздин «Эне тил» күнүн белгилөө салтка айланып, 1989-жылдын 23-сентябрынын бери белгиленип келе жатат. Жогоруда айтылгандай, тарыхтан, маданияттан сабак албай туруп, кыргыз баалуулуктарына, нарк-насилине кайрылбай туруп, мамлекетти өнүктүрүү дегеле мүмкүн эмес. Элибиздин келечеги биримдикте, ынтымакта.<br>Кыргыз тили – бул биримдиктин, ынтымактын тили деп билебиз. Мамлекеттик тилдин өнүгүүсү КРнын Конституциясынын 1989-жыл 23-сентябрында кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил жөнүндө» мыйзамынан башталып, бүгүнкү күндө бир кыйла ийгиликтерге жетишүүдө. Кыргыз тили жөнүндөгү мыйзамды турмушка ашырууда алгылыктуу иштер жүргүзүлүүдө, бул баарыбызга белгилүү. Кыргыз тили Кыргызстандагы бардык улуттардын башын коштуруп, ынтымак жарчысы болууга тийиш.<br>Кыргыз тилинин мамлекеттик статус алганына 29 жыл болду. Алгылыктуу иштер жүргүзүлүп, мамлекеттик тил катары кыргыз тилинин кадырын көрүү багытында бала бакчадан баштап республиканын жогору окуу жайларында, мектептерде көптөгөн уюштуруучулук иштер жүргүзүлүүдө. «Улут болсоң, тилиң менен улутсуң» дегендей, кыргыздын көөнө, бай тилин эң жакшы өздөштүрүп, турмушубузда пайдаланышыбыз керек.<br>Биздин Ысык-Ата районунда дагы Мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө көптөгөн алгылыктуу иштер жүргүзүлүп жатат. Жакында эле райондо мамлекеттик тилдин бир айлыгы өткөрүлдү. Райондо аймак-аймак болуп уюшулган "Сармерден" сынагы уюштурулуп, түзүлгөн калыстар тобу бардык аймактарды кыдырып чыгышты. Сынактын максаты окуучулардын көз алдына кыргыз элинин тарыхын, маданиятын, эне тилибиздин кылымдап түзүлгөн байлыгын, руханий даражасын ачып көрсөтүү, жаш муундарды улуттук сыймыкка жана өз элин, Ата Мекенин сүйө билүүгө тарбиялоо болгон. |

| | | |
|---|---|---|
| | | Анын ичинен Я.Я.Ваккер атындагы орто мектебинде өзгөчө өткөрүлдү. Бул топко: Туз орто мектеби, Киргшелк орто мектеби, Маликов орто мектеби, Ак тилек орто мектеби жана Ваккер орто мектеби кирген.<br>Сынакта талап кылынган номерлер баары камтылып, абдан жакшы чагылдырылып берилди.<br>Я.Я.Ваккер атындагы орто мектебинде 5-октябрда мугалимдер күнү белгиленди. Бул күнү эртең менен мектеп директору Осмонов К.Ш., ТИ боюнча директордун орун басары Кыдыкова А.К. 11-класстын окуучулары менен мугалимдерди музыканын коштоосунда,гүл менен куттуктап тосуп алышты.<br>Мугалимдер күнүнө карата окуучулар чакан концерт коюшту. Концерт мектеп турмушунан тартылган слайддар менен коштолуп, шаңдуу болду. Бул концертке мектепке эмгеги сиңип,көп жыл эмгектенип,иштеп кеткен ардагер мугалимдер: Кириленко В.С., Бекбоева Р.Р., Кожоналиева С.К. да чакырылды.<br>Мектеп директору мугалимдерди куттуктап,каалоо-тилегин айтып,жакшы эмгектенген мугалимдерге грамота тапшырды жана келген конокторго чакан белек берди.<br>1-4.10.18 - Алмустактан бери ата-бабаларыбыз карыларды урматтап, “Карынын кебин капка сал”, “Карысы бардын ырысы бар” деп үйдө карыяларды төргө олтургузуп, кадырлап келишкен. Бүгүнкү күндө карыларыбыздын атайын майрамы белгиленип, 1-октябрь Эл аралык карылар күнү деп табылган. Бул күндү 1990-жылы БУУнун Баш катчылыгы расмий майрамдардын катарына киргизген.<br>Жыйырма жылдан ашык убакыттан бери кыргыз эли да атайын бул майрам күнү карыларга жылуу сөзүн айтып, жакшы тилектерин билдирип, кадырлап келет. Эл менен бирге Я.Я.Ваккер атындагы орто мектебинде дагы жылыга карылар күнүн көңүл сыртында калтырбай, карыларга белектерин тартуулап, өзгөчө сый көрсөтүшөт. Быйыл да салтка айланган майрамды утурлап мектепте иш-чаралар өткөрүлдү.<br>1.10.18-ж. -6-в классы, класс жетекчиси Г.В. Воробьеванын жетекчилиги астында “Келгиле жакшы иштерди жасайлы”(“Давайте делать добрые дела”) аталышында акция жүргүзүлдү. Акцияда айылдагы жардамга муктаж кары – картаңдардын үйүнө барып, кол кабыш кылышты. Мектепте дубалдарга “Жолдо кары кишинин жүк көтөрүп баратканын көрсөң жардам бер”,“Коомдук унаада кары кишиге орун бер”, ж. б. у.с. чакырык кагаздар илинди.<br>1.10.18-ж. -“Карылар биздин сыймыгыбыз” деген темада линейка өткөрүлдү. Жооптуу 10-б класс, класс жетекчиси А.С.Буйляшева 4.10.18-ж. -“Жан дүйнөнүн жана жүрөктүн сулуулугу жөнүндө”<br>(“О красоте души и сердца”) аталышында бардык класстарда класстык сааттар өткөрүлдү.<br>4-декабрь «Манас» эпосунун кунуно карата «Манас» эпосунун училтигин сактоо, онуктуруу жана кенири таратуу жана ошондой эле кыргыз элинин улуттук каада салтын арттыруу, келечек муундун тархый ан-сезимин калыптандыруу максатында көптөгөн иштер жүргүзүлдү.<br>04.12.18-ж. - «Манас» эпосун мыкты аткаруучу» сынагы өткөрүлдү. Жыйынтыгы чыгарылып, 8-а классынын окуучулар |

| | | |
|---|---|---|
| | | тобу жана 11-в классынын окуучусу Ашыркулов Нургазы жеңүүчү деп табылып, райондук сынакка жөнөтүлдү.<br>1-5.12.18-ж. - «Манас» дүйнөсү» темасында сүрөт көргөзмөсү өткөрүлдү.<br>1-5.12.18-ж.- «Манас» - кыргыз рухунун туу чокусу» темасында реферат сынагы өткөрүлдү.<br>1-5.12.18-ж. - «Улутубуздун сыймыгы- улуу «Манас» темасында дилбаян сынагы өткөрүлдү.<br>4.12.18-ж. - Мектепте 6-а классынын окуучулары менен Шейшеналиева К.Н. нын жетекчилиги менен линейка өткөрүлүп, линейка «Манас» күнүнө арналды. Жарыяланган сынактардын жыйынтыгы чыгарылып, кызыктыруучу сыйлыктар, грамоталар тапшырылды. Линейкада манасчылар «Манас» айтып, үчилтиктин варианттары, изилдениши, манасчылар тууралуу кызыктуу маалыматтар айтылып, линейка кызыктуу өттү.<br>Мектепте жогорку класстар арасында (8-11)ШТК өткөрүлүп, райондук ШТК га окуучулар тандалып алынды.<br>19-23.12.18-ж. - Жаны жылдык дубал гезиттер сынагы жарыяланып, мыкты гезиттер балаты жайгашкан залдан орун алды.<br>26.12.18-ж. – Ахметов Акрам 8-б классынын окуучусу(тоголок жетим),<br>Эгембердиев Эдил 6-б классынын окуучусу (отличник) губернатордун балатысына жиберилди.<br>26.12.18-ж. -5-11-класстарда эки бөлүк менен жаны жылдык карнавал өткөрүштү. Карнавал кызыктуу оюн-зооктор менен коштолуп, окуучулар көптөгөн белектерди алышып, эсте каларлык өткөрүштү.<br>26.12.18-ж. -1-4-класстарда 11-классынын окуучулары тарабынан даярдалган программа менен даярдалган майрамдык оюн-зоок көрсөтүлдү.<br>21-февраль - Эне тил күнү катары 1999-жылы ЮНЕСКО тарабынан бекитилип, 2000-жылдан тарта белгилене баштаган.<br>21-февраль - Эне тил күнү Я.Я.Ваккер атындагы орто мектебинде да белгиленди.<br>Бул күндүн урматына мектепте көркөм окуу сынагы өткөрүлдү. Мектепте окуп жаткан көп улуттун өкүлдөрү( кыргыз, орус, өзбек,немец, түрк, дунган,англис) өз тилдеринде саламдашышып, өз эне тилинин улуулугун даңазалаган көркөм ырларды айтышты.<br>Сынакты уюштуруудагы негизги максат кыргыз элинин, кыргыз тилинин айланасына этностор ортосунда биримдикти, ынтымакты бекемдөө болуп саналат. Ошондой эле мектепте “Элдин эл экени- эне тилинде” деген аталышта бурч уюштурулду. Бурчта Эне тил күнү качан белгиленген, дүйнөдө канча тил бар, ж.б.у.с. маалыматтар чагылдырылды.<br>8-март аялдардын эл аралык күнүнө карата бир топ иш чаралар өткөрүлдү.<br>6.03.19.- Башталгыч класстарда Мурзабаева Ж.М. Кудайназарова А.У. Абайханова Л.А.<br>Мырзабекова Д.А.нын жоопкерчилиги астында “Апакемдин майрамы” аталышында майрам өткөрүлдү.<br>5-6.03.19. - «Кана эмесе, кыздар» аталышында кыздар арасында таймаш уюштурулду. Жооптуулар: Касымова М.А.Бексадаева |

| | | |
|---|---|---|
| | | Г.Дж.<br>Заболотько И.В.Сырдыбаева А.Т. Таймаш кызыктуу болуп, жеңүүчүлөр аныкталды.<br>7.03.19. - Мугалимдер үчүн майрамдык куттуктоо концерти уюштурулду. Жооптуу Тыныстанова С.А.,10-в класс<br>3-7.03.19. - 8-март аялдардын эл аралык күнүнө карата дубал гезит конкурсу өткөрүлдү. Жооптуу мектептин парламенти. Жыйынтыгы чыгарылып, алдыңкылар сыйланышты.<br>5.03.19. - “Апам айым, күнүм” аталышында мектептин ата-энелерине арналып концер көрсөтүлдү.<br>10-14-03. -“Нооруз -2019” аталыштагы 5-11- класстар арасында дубал гезит көргөзмөсү, 1-4-класстар арасында сүрөт көргөзмөсү өткөрүлдү(жооптуулар: Бакуева А., класс жетекчилер, парламент). Окуучулар активдүү катышышып, көргөзмө максатына жетти.<br>20-мартта 1-11-класска чейин “Нооруз” майрамына карата класстык сааттар өткөрүлдү.<br>Класстык сааттар көрсөтмөлүү болуп, кыргыздын каада-салттары, улуттук тамак-аштары, улуттук оюндары тууралуу кеңири чагылдырылды. Окуучулар “Ноорузду” маани-манызын, кандай майрамдалышынан маалымат алышты.<br>20-мартта 1-4- класстарда “ Нооруз-көктөм майрамы” аталышта майрамдык салтанаттуу линейка өттү. Салтанат Умай эненин аластоосу, Баба дыйкандын сөзү менен ачылды. Балдар “Оп майда” ырын ырдашып, жаздагы эмгекти чагылдырышты. Ар бир класс өздөрүнүн өнөрлөрүн көрсөтүштү. Улуттук бийлер, ырлар жанырды. Линейка абдан жакшы денгээлде өттү.<br>1-4- класстар арасында дене тарбия мугалими У.Абдраевдин жетекчилиги алдында улуттук оюндардын таймашы өткөрүлдү. Окуучулар аркан тартыш, кол күрөш оюндарын кызыгуу менен, намыскөйлүк менен ойношуп, майрамдын шаңы артты.<br>19-март күнү улуттук оюндар таймашы 5-11- класстар арасында да өттү. Улуттук оюндарды ойноодо 5-7-класстардын окуучулары активдүүлүктөрүн көрсөтүшүп, жакшы оюндарды көрсөтүп беришти. Оюндар класс жетекчилердин жана дене тарбия мугалимдеринин жетекчилиги астында өттү.<br>21-март күнү “Нооруз” майрамы Люксембург айылынын жашоочулары жана мектеп жамаатынын күчү менен даярдалган “Ыр кесе” менен жыйынтыкталды. Майрамга мектептин мугалимдер жамааты активдүү катышып, айыл элин майрамдык шаңга бөлөдү.<br>2017-жылы 21-апрелде Кыргыз Республикасынын Президенти А.Атамбаев «Чыңгыз Айтматовдун 90 жылдыгын майрамдоо жөнүндө» жарлыкка кол койгон.<br>Жарлыкка ылайык, 2018-жылы залкар жазуучунун улуттук жана дүйнөлүк адабият, маданиятка кошкон зор салымын эске алуу менен Чынгыз Айтматовдун 90 жылдыгы улуттук жана эл аралык деңгээлде белгиленет.<br>Я.Я.Ваккер атындагы орто мектебинде да заманыбыздын улуу калемгери жана ойчулу Ч.Т. Айтматовдун 90 жылдыгы жыйынтыкталды.<br>“Дүйнөнү дүңгүрөтүп дүбүрт сала,90 жашка чыкмак эле Чыңгыз ага” деген аталышта, жазуучулардын алпы Чынгыз Айтматовдун 90 жылдыгына карата |

| | | |
|---|---|---|
| | | 12-сентябрдан 12-декабрга чейин үч айлык жарыяланып, планы бекитилип ,иш чаралар өткөрүлдү.<br>Сентябрь ичинде жазуучунун чыгармалары боюнча көркөм окуу сынагы, октябрь айында сүрөт, дубал гезиттер сынагы өткөрүлдү.<br>3.12-5.12 Ч.Айтматовдун чыгармаларынан сахналаштырылган үзүндү аткаруу (5-7 мүнөт). Залкар жазуучубуздун чыгармаларынан үзүндү аткаруу боюнча театралдаштыруу сынагы 5-11-класстар арасында өткөрүлдү. Жооптуу мугалимдер: КыдыковаА.К.,УманскаяК.А.,Сырдыбаева А.Т.<br>29.11-30.11 Жазуучунун чыгармаларынан көркөм окуу сынагы.Бул сынакта окуучулардын Ч.Айтматовдун чыгармаларынан алынган үзүндүлөргө: монолог жана ыр саптарынын көркөм айтуулары сындалды.<br>Жооптуулар:Сүйүмбаева Э.С.,Кадырова К.,Ястребова О.М.<br>26.11 Дилбаян сынагы-8-11-класстар арасында өткөрүлүп, дил баяндын мазмунуна,көлөмүнө жана орфографиялык каталары карата бааланып,мыкты деп аталган дил баяндарга байгелүү орундар берилди.<br>Жооптуу мугалимдер:Абдракунова К.,Бажина Т.В.,Буйляшева А.С., АманжоловаИ.К.<br>26.11 3-11-класстарынын окуучуларынын залкар жазуучубуздун чыгармаларын чагылдырган сүрөт, дубал гезит, буклет сынагы өткөрүлдү. Эн мыкты деп табылган сүрөт,дубал гезиттер грамота менен сыйланды. Жооптуу мугалимдер: Бакуева А.Ж.,Дүйшөманбет к. Н., Орозбаева Ж.К.<br>12.12 Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына арналган салтанаттуу линейка өткөрүлдү.Жооптуулар: Мокеева Б.Ж.,Реймер Л.П.,Бексадаева Г.Дж.,Тентешова А.А. Ошондой эле кыргыз тили мугалимдери Аманжолова И.К. жана Абдракунова К. эжейлердин уюштуруусунда Адабий кече өткөрүлүп,жазуучубуз Ч.Айтматовдун баардык чыгармаларын чагылдырган театралдаштырылган, жогорку деңгээлде өткөн кече деп бааланды.<br>25.04.19 - “Чернобыль АЭСиндеги кыйроонун кесепеттери” деген темада класстык сааттар өткөрүлдү.<br>Чернобыль АЭСиндеги кыйроону чагылдырган фото-сүрөт көргөзмөсү уюштурулду.<br>“Чернобыль АЭСиндеги кыйроонун кесепеттери” темасында дилбаяндар өткөрүлдү.<br>26.04.19 - Чернобыль атомдук электр станциясындагы кыйроонун 32 жылдыгына карата мектептин акт залында Буйляшева А.С. жетекчилиги астында (жооптуу 10-б класс) слайддар менен көрсөтмөлүү линейка өткөрүлдү.<br>Я.Я.Ваккер атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде «Энелер кунун» белгилоо боюнча иш чара кабыл алынып, тегерек стол, класстык сааттар, сүрөт тартуу конкурсу уюштурулду.<br>Майдын үчүнчү жумасында Энелер күнү белгиленди. Окуучулардын апалары чакырылып, энелердин коомдогу ролу жөнүндө 10- класстын окуучулары оздорунун ойлорун айтып, кыздардын адептүү, үлгүлүү болуп келечекте бактылуу эне болуу жөнүндө өз ойлорун айтышты. |

| | | |
|---|---|---|
| | | 3-класстын класс жетекчиси Ж. Мурзабаева «Таазим сага күн мээримдүү энелер» аттуу ачык класстык саатка күбө болушту жана «Энелер» деген темада мектебинде поэзия сынагы өткөрүлүп, 9-10-11-класстын окуучулары өз калемдерине таандык ырларын окуп беришти.1-6-класстар арасында «Айым, күнүм энекем» деген темада сүрөт конкурсу уюштурулду. Я.Я.Ваккер атындагы орто мектебинде “Акыркы коңгуроо” салтанаты 25-майда саат 9.00 до башталды. Мектептин эшигинин алды шарлар, гүлдөр, банерлер менен кооздолуп, музыка жаңырып турду. Линейка кыргыз жана орус тилинде алып барылды. Бул линейканын айырмачылыгы , өзгөчө коноктордун келиши болду. Салтанатка 20 жыл мурун бүткон бүтүрүүчүлор дагы конокко келишти. Алардын мугалимдери дагы ардактуу конок катары чакырылды. 20 жылдык бүтүрүүчүлөр дагы биздин бүтүрүүчүлор менен бирге шаң менен ортого чакырылып, линейкага тизилишти. КР Гимни ойнолду. Линейканы окуучулар мектепти, билимди даңазалаган ырлар менен ачышты. Мектептин директору Осмонов К-М.Ш. куттуктоо сөзүн айтып, ардактуу конок болуп чакырылган Люксембург айыл өкмөтүнүн катчысы Байтокоева Айзада да айтып, райондук олимпиаданын жеңүүчүлөрүнө жана мугалимдерине акчалай сыйлык тапшырды. Мектептин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Байрамукова Патия Аубакировна экзаменге киргизүү боюнча буйрукту окуду. Бүтүрүүчүлөрдү 1-класстын окуучулары да куру калбай, өздөрүнүн даярдап келген ырларын айтышып, белектерин тапшырышты. Ал эми бүтүрүүчүлөрдүн ата-энелери куттуктоо иретинде ыр ырдашып, салтанат шаңына чыкты. Бүтүрүүчүлөр мугалимдерге, ата-энелерге, конокторго ыраазычылык айтып, ырларды көркөм айтышып, ырдашып, бийлешип, линейка абдан жогорку денгээлде өттү.<br>Ал эми 25 жылдык бүтүрүүчүлор да куру кол келишкен жок, каалоолорун айтышып, мектепке колонка микрофону менен белек калтырышты.<br>Ысык-Ата райондук ИИБ нун кызматкерлери тартипти көзөмөл кылып, күзөттө болушту.<br>Акыркы коңгуроо салтанаты тынч өттү, эч кандай тартип бузуулар болгон жок. Мектеп администрациясы, класс жетекчилер менен биргеликте кечки саат 24.00 го чейин мектепте болушуп, көзөмөлдүк кылып турушту.<br>01.06.19 - мектепте Кыдыкова А.К.,Адамалиев Н.А.,Заболотько И.В. жоопкерчилиги астында “1-июнь – Балдарды коргоо күнүнө карата”майрамдык иш чара уюштурулду. Салтанатта ырлар, бийлер жаңырып, жакшы окуган окуучуларга грамоталар тапшырылды.<br>“Балдар дайыма күлүшсүн” темасында балдар чыгармачылыгынын асфальтка сүрөт тартуусу жүргүзүлдү.<br>Иш чара концерттик программа менен коштолуп, балмуздак таратылды.<br>Спорттук мелдештер уюштурулуп, кызыктыруучу белектер таратылды 21.06.19. саат 10-00 9-класстын окуучуларына жалпы негизги билими жөнүндө күбөлүктөрдү тапшыруу салтанаты өткөрүлдү. Салтанат ата-энелер, ички иштер органдарынын окулдору, мугалимдердин катышуусунда өттү. Эч |

| | | |
|---|---|---|
| | | кандай тартип бузуулар болгон жок.<br>24.06.19 саат 10-00. 11-класстын окуучуларына орто билими жөнүндө аттестаттарды тапшыруу салтанаты өткөрүлдү. Салтанат ата-энелер, ички иштер органдарынын өкүлдөрү, мугалимдердин катышуусунда өттү. Эч кандай тартип бузуулар болгон жок. Жыл ичинде “Мектеп формасы”,”Кечиккендер” рейддери жүргүзүлүп турду.<br><br>Эмгекке тарбиялоо жана кесиптик өзүн аныктоонун негиздери<br>“Айлана-чөйрөнү тазалайбыз” тазалык акциясы өткөрүлүп турду.<br>“Эколог” кружогу уюштуруп, окуучулар мектептин айланасындагы бак-дарактарды иретке келтирип, көзөмөлдүк кылып турушту.<br>“Күз майрамы” өткөрүлдү. Эмгекке тарбиялоо боюнча иштер жүрдү.<br>Жазында мектептин айланасын жашылдандыруу иштери жүрдү.<br>Мамлекеттик экзаменге жана көчүрүү экзамендерине даярдык көрүлүүдө. Кесип тандоого туура багыт берүү иштери жүргүзүлдү. Окуу жайларынан келген өкүлдөр менен жолугушуулар уюштурулду. Окуу жайларындагы «ачык эшик» күндөрүнө барышты жана ошондой эле аттестация учурунда окуучунун өзүн бекем кармап стресске кабылбашы үчүн психологиялык иш-чаралар өткөрүлүп жатат. |
| | Райондук иш-чаралар: | 5.03.19- Мектептин окуучулары “Ак калпак” Кант шаарында жүрүшкө катышып, өздөрү даярдаган флешмобун элдерге тартуулашты.<br>“Сары-Өзөн чолпондору” сынагына 3-б классынын окуучусу Жумакадырова Алтынай (вокал), Джайсанов Элзар (вокал), театрлаштырылган сценка алып барылып, грамоталарга ээ болушту.<br>ЮИД -2019 сынагына мектептин командасы катышып, 3-орунду багындырып келишти. |
| | Окуучуларды социалдык колдоо: | Ата-энеси чет жакада иштеген ,өгөй ата, өгөй энеси менен жашаган окуучулардын үйлөрүнө рейд жүргүзүлүп турду. Аз камсыз болгон үй-бүлөдөгү балдардын абалы, жашоо шарты менен жакындан таанышып, ата-энеси менен жекече сүйлөшүүлөр аркылуу бир аз да болсо жардамдар көрсөтүлүп турду. |
| | Ата-энелер менен иштөө: | Мектепте окуучулардын билим сапатынын өсүшүнө ата-энелердин мектеп менен тыгыз байланышта болуусу түздөн түз таасирин тийгизет.<br>Сентябрь айынан баштап жыл аягына чейин мектеп менен ата-энелердин байланышы тыгыз болуп көп иш чаралар аткарылды. Сентябрь айында жалпы ата-энелер менен чогулуш өткөрүлүп, мектептин жетишкендиктери жана мектеп кайсы жагынан начар болуп жаткандыгы айтылды.<br>Окуучулардын формасы, тазалыгы,тартиби жөнүндө сөз болду. Мектепте кыздар жана балдар үчүн бирдей форма кабыл алынып,окуучуларды форма, окуу куралдары менен камсыздоо ата-энелерге милдеттендирилди. Ата-эне, мугалим,окуучу тарабынан үч тараптуу келишимдер түзүлдү.<br>Мектеп боюнча ата-энелер комитети түзүлүп, мүчөлөрү жана төрагасы шайланды. |

| | | |
|---|---|---|
| | | Октябрь айында Кылмыштуулукту алдын алуу максатында тартиби оор, үй-бүлөдө ата-энеси башка жакка иштеп кеткен, томолой жетим балдардын үйлөрүнө рейддерди жүргүзүп, көзөмөл кылып туруу үчүн атайын комитет түзүлдү. Мектеп менен тыгыз байланышта болуу үчүн ата-энелерди катыштырган иш чаралар өтүп турары белгиленди.<br>Сабакка келбей, сабактан качкан окуучулардын ата-энелери менен жекече сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү.<br>Класстарда ар бир ай сайын ата-энелер жыйналыштары өтүлүп, окуучулардын сабакта жетишкендиктери, кемчиликтери, тартиби жөнүндө талкуулашты.<br>Ноябрь айында жалпы ата-энелер жыйналышы өтүлүп, мектепте камкордук кеңеши ачылды.<br>Камкордук кеңешинин мүчөлөрү , төрайымы шайланып, камкордук кеңешинин иши башталды.<br>Ар бир класста ата-энелер жыйналышы өтүлүп, балдарынын чейректери боюнча билим сапаты, жыйынтыгы айтылды.<br>Кылмыштуулуктун алдын алуу максатында ар бир класстын ата-энелер комитети чогулуп, окуучулар арасында налог салуу, зордук зомбулукту алдын алуу, болтурбоо чаралары боюнча иш чара өтүлдү.<br>Жаңы жылдык “Балаты” майрамына катышып балдарына белектерин берип, алар даярдаган концерттик майрамга күбө болуп кетишти.<br>Жарым жылдык жыйынтык чыгарылып,ата-энелер комитетинин билдирүүсү болду.<br>Окуучлардын чейректери боюнча билимдери айтылып, жетишпеген, сабакты көп калтырган окуучулардын ата-энелери менен жекече сүйлөшүүлөр болду.<br>Сабакты көп калтырып жаткан 5-класстын окуучусу Пушкарев Игордун энеси менен ,<br>9-класстын окуучусу Молошенко Алексейдин энеси менен сүйлөшүлүп, балдарынын сабакка катышуусуна көзөмөл болуусу, убагында жиберип туруусу милдеттендирилди.<br>Ата-энелер Ата Мекенди коргоо күнүнө арналган иш чараларга катышууга чакырылып, балдарынын өнөрлөрүнө күбө болуп кетишти.<br>Ата-энелер комитетинин катышуусу менен үй-бүлөдө шарты оор 5в-классынын окуучусу Рокотянский Алим , томолой жетим 8б-классынын окуучусу Болтовский Петрдун үйлөрүнө рейд жүргүзүлдү. Тартиби оор 11-классынын окуучусу Казыбеков Кутмандын энеси менен баласынын тартиби жөнүндө сүйлөшүлдү. Кутмандын атасы тышкы мигрант,апасына эркелеп сөзүн укпайт. Ошондуктан мүнөзүнүн оорлошу, мектептен качып турганы жөнүндө сүйлөшүлдү. 8-Март аялдардын Эл аралык күнүнө арналган ачык тарбиялык сааттар энелердин катышуусу менен өткөрүлүп, энелер балдарынын өнөрлөрүнө күбө болуп, маанайлары ачылды.<br>Ар бир класста ата-энелер жыйналышы өтүлүп, балдардын тартиби, сабакка катышуусу, жетишүүсү боюнча класс жетекчилердин билдирүүлөрү болду.<br>Тартип бузган 9-классынын эркек балдарынын ата-энелери менен жекече сүйлөшүлдү.<br>ИДН кызматкеринин,администрациянын катышуусунда 9- |

| | | |
|---|---|---|
| | | класстын эркек балдарынын тартиби жөнүндө жыйналыш өткөрүлүп, ата-энелерге балдарынын тартибине үйдөн да катуу көзөмөлгө алууга милдеттендирилди.<br>Айыл өкмөтүнүн , мугалимдер коллективинин, ИДН кызматкерлеринин,ата-энелердин катышуусу менен мектеп окуучуларынын тартиби, балдарды тарбиялоодо ата-эненин,мугалимдердин, коомчулуктун, айлана-чөйрөнүн таасири жөнүндө ой толгоо жыйналышы өткөрүлдү.<br>Акыркы жылдары айрыкча айыл арасында балдардын келишпөөчүлүктөрү,аларга болушуп чоң балдар арасында чатактар көп болуп жатканы, аларды канткенде токтотуп, ынтымакка чакыруу керектигине токтолуп, бул проблеманы чогуу отуруп чечишти.<br>Май айында жалпы ата-энелер жыйналышы өткөрүлүп, жыл жыйынтыгы боюнча билдирүү болду.<br>Ата-энелер чогулушунда каралган маселелер: Эрте никеге туруу; өзүнө кол салуусунун алдын алуу чаралары; мектеп рэкетин алдын алуу; тамеки чегүү жана спирттик ичимдиктерди колдонуунун алдын алуу; суу сактагычтарга барбоо иш чаралары эскертилди жана бүтүрүүчү класстардын ар кандай кафе, ресторандарга, жаратылышка чыгуусуна тыюу салынгандыгы айтылды. |
| | Профориентациялык иштер: | Мамлекеттик экзаменге жана көчүрүү экзамендерине даярдык көрүлүүдө. Кесип тандоого туура багыт берүү иштери жүргүзүлдү. Окуу жайларынан келген өкүлдөр менен жолугушуулар уюштурулду. Окуу жайларындагы «ачык эшик» күндөрүнө барышты жана ошондой эле аттестация учурунда окуучунун өзүн бекем кармап стресске кабылбашы үчүн психологиялык иш-чаралар өткөрүлүп жатат. |